**КЫРГЫЗ ТИЛИ** **5-Класс** **Вариант С**

Окуучунун аты -жөнү ______________________________классы______

---

**1-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 15**

Бул бөлүм **жооптордунун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 3, же 4 варианты берилген. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Сиз тандаган жоопту тегеректеңиз.

**.№1. Кептин түрүн белгилегиле.**
**Алар саздан чыкканда, сүттөй аппак болуп таң ата баштады.**
а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү

**№2. Кептин түрүн белгилегиле.**
Таш доору – адам коомунун өнүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Бул учурда эмгек жана согуш куралдары негизинен таштан жасалып, жыгач менен сөөк да колдонула баштаган. Анын акыркы баскычында карапа идиштерди жасоо өнүккөн.
а) ой жүгүртүү б) сүрөттөө в) баяндоо

**№3. Кептин түрүн белгилегиле.**
Депутаттыкка талапкерлер катталуу үчүн комиссияга тиешелүү документтерди берет деп турат. Ал ичинде талапкердин соттуулугу жок экендиги тууралуу тактама да бар. Демек, соттуулугу жок экендиги тууралуу тактаманы комиссияга берүү талапкердин түздөн-түз милдети.
а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү

**№4. Иш кагаздын аталышын белгилегиле.**
Асанова Айгүлдү спартакиядага катышкандыгына байланыштуу бүгүн, 10-майда сабактан бошотуп коюшуңузду суранам.
а) акт б) мүнөздөмө в) баяндама г) арыз

**№5. Иш кагаздын аталышын белгилегиле.**
Акматов Асан өзүнүн билимин үзгүлтүксүз жогорулатып физиканы мектепте окутууга арналган курстарды калтырбай катышып келет.
а) маалымдама б) тил кат в) ишеним кат г) мүнөздөмө

**№6. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн белгилегиле.**
**Чек арачылар мекенибизди көздүн карегиндей сактайт.**
а) карегиндей, сактайт б) мекенибизди, сактайт
в) көздүн, карегиндей г) чек арачылар, сактайт

**№7. Берилген тартиптеги сүйлөмдү белгилегиле.**
**Толуктооч бышыктооч ээ баяндооч**
а) Аялы күйөсү менен келишиптир.
б) Жоопко баары туура келди.
в) Аны короодо аялы күтүп отурат.
г) Тартипти ар дайым сактайлы.

**№8. Бир өңчөй ээ катышкан сүйлөмдү белгилегиле.**
а) Көчөлөрдө да, гүлбакчаларда да гүлдөр жайнайт.
б) Биздин Атабек маданияттуу, билимдүү адам.
в) Биздин шаарларыбыздын көчөлөрү түз, кенен.
г) Арстан, жолборс, түлкү – жапайы жаныбарлар.

**№9. Жайылма сүйлөмдү белгилегиле.**
а) Балдарым, кыздарым жазып жатышты.
б) Талантаалы, Исабек, Сагын - достор.
в) Мен Асандан, Исадан жардам сурадым.
г) Студенттер машыгышты, даярданышты.

**№10. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Туугандар менен катташалы. б) Туугандар келе жатышат дейт.
в) Туугандар, меникине келгиле! г) Туугандар келет, жолугушабыз.

**№11. Берилген сүйлөмдөгү бөтөн сөздү белгилегиле.**
**Анда алтын балык минтип кеп айтат дейт: «Коё бер мени, абышка, мен деңизге барайын».**

а) «мен деңизге барайын»
б) «коё бер, мени абышка»
в) «Анда алтын балык минтип кеп айтат дейт:»
г) «Коё бер мени абышка, мен деңизге барайын»

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ
### 2-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 9

**Тексттерди окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.**

### Дасторго нан кантип келет?

Биз күн сайын нан жейбиз. Ансыз биз дасторконго да отурбайбыз. Нан адамдарга жашоого, эмгектенүүгө күч-кубат берет.

Нан дасторконубузга жеткенче, абдан узак жолду басып өтөт.

Дан өсүмдүктөрүн адамдар көптөгөн кылымдардан мурда эле табышкан. Көп миңдеген жылдардын өтүшү менен адамдар данды жакшы өстүрүүнү өздөштүрүшкөн. Нан өстүрүү оңой эмес. Күн жерди жылытат. Жамгыр аны сугарат. Бирок бул өсүмдүк үчүн жетиштүү эмес. Дыйкандын эмгеги болбосо дан өспөйт.

Дыйканга данды качан эгүү маанилүү. Ал жерди даярдоону билиши керек. Талааларга биринчи болуп тракторлор киришет. Трактористтер жерди айдап, дан эгүүгө даярдашат. Жер айдалгандан кийин, дан жерге түшүп өнүп чыгат. Ошондой эле өсүмдүктөрдү кантип сугарууну билиш керек. Суу жана азык жок болсо, өсүмдүктөр өлөт, түшүм болбойт. Мына, эгиндин бышканы көрүнүп калды. Демек, түшүмдү жыйнашыбыз керек. Машактар алтындай болуп калганда, талаага комбайндар чыгат. Комбайнёрлор эгинди чаап-жыйнашат. Комбайн узун жеңинен талаага чоң эгин ташуучу машиналар келгенде данды төгүп берет.

Унаалар эгинди кырманга жеткирип, ал жерде дан тазаланып, кургатылат. Андан кийин эгин элеваторлор деп аталган атайын жайларга ташылып, анда эгин сакталат. Анан дан тегирменге барып, унга айланат. Ун наабайканаларга жеткирилип, ал жерде наабайчылар нан бышырышат. Даяр болгон нан дүкөндүн текчелерине, андан соң биздин дасторконго келет.

Мына, нан бизге ушул жол менен келип, өзүнүн даамы менен бизди кубандырат.

**№12. Дан өстүрүү үчүн дыйкан эмнени билиши керек?**
А) тегирмен иштетүүнү, комбайн, трактор айдоону, нан бышырууну
Б) эгиндин бышканын, эгинди кургатып, тазалап жана сактоону
В) данды чаап-жыйноону, кырманга данды жеткирүүнү, тазалоону
Г) качан данды себүүнү жана жерди сепкенге даярдоону, сугарууну

**№13. Дасторго нан кантип келет?**
А) Наабайчы автоунааларга салып келет.
Б) Нан эмгек менен узак жол басып келет.
В) Дан жакшы сакталса, нан оңой келет.
Г) Эгин ташуучу машиналар алып келет.

**№14. Нан адамга эмне үчүн керек?**
А) түшүмдү зыянга учуратпаш үчүн
Б) дасторкондун көркүн ачуу үчүн
В) өзүнүн даамы менен кубантуу үчүн
Г) адамга кубат берип жашоосу үчүн

**№15. Дандын бышканын дыйкан кантип билет?**
**Жообун жазгыла.**

________________________________________

**№16. Эмне үчүн данды тазалап, кургатуу керек?**
**Жообун жазгыла.**

________________________________________

**Текстти окуп чыккыла.**

## Бүркүт менен мышык

Айылдын четиндеги аңызда мышык балдары менен көңүлдүү секирип, томолонушуп, куушуп ойноп жатышкан. Алар бул жакка чычканга аңчылык кылганы келишкен. Жазгы күндүн жылуулугуна күнөстөп жатышкан бул мышыктар абдан бактылуу эле.

Капыстан, кайдан-жайдан экени белгисиз, килтейген чоң талаа бүркүтү пайда болду. Бийиктен чагылгандай тез түшүп, мышыктын баласын чапчып кетти. Бирок, бүркүт абага көтөрүлгөнгө үлгүргөн жок, мышыктын энеси секирген бойдон ага жабышып калды. Жырткыч эми мышыктын баласын таштап, карыган мышыкка асылды. Жан аябаган кармаш мына, эми башталды.

Бүркүткө күчтүү канаттары, болоттой тумшугу, узун, ийилген тырмактары бар күчтүү буттары чоң артыкчылык берди. Ал мышыктын терисин тытып, бир көзүн жаралап салды. Бирок, мышык дагы деле кайратын жоготпоптур. Бүркүткө тырмактары менен бекем жармашып, анын оң канатын кырча тиштеди. Жарадар болгон бүркүт калдаңдап калды.

Эми жеңиш мышык тарапка оой баштады; бирок бүркүт дагы эле абдан күчтүү болчу. Мышык болсо эчак эле алдан тая баштаган. Ошентсе да, мышык акыркы күчүн жыйнады. Эптүү секирик жасап, бүркүттү жерге кулатты. Ошол замат ал бүркүттүн башын керте тиштеп үзүп алды. Эне мышык эми өзүнүн жараатын унутуп, жарадар болуп жаткан баласын жалап кирди. (170 сөз)

**Тапшырмаларды аткаргыла.**

**№ 16. Аңгеменин максаты кайсы?**

а) мышыкка тийишсе кандай болору, анын күчүн көрсөтүү;
б) жырткыч бүркүттүн күтүүсүз кол салуулары жөнүндө эскертүү;
в) эненин балага болгон сүйүүсүнүн күчүн көрсөтүү;
г) жаныбарлар менен канаттуулардын жашоосу маалымат берүү.

**№ 18. Мышык менен бүркүттүн салгылашуусунун курчтугу кандай сүрөттөлгөн?**

а) Мышык ага жабышып калды.
б) Мышык жан аябай кармашып, бүркүттүн канатын кырча тиштеди.
в) Мышык жазгы күндүн нуруна күнөстөп, балдарын ойнотуп жаткан.
г) Көзүнөн жараланган мышык жарадар баласын жалап баштады.

**№ 19. Тексттеги кайсы сөздөр бүркүттүн чабуулунун ылдамдыгы жана күтүүсүздөн болгонун билдирип турат?**
**Жообун жазгыла.**

____________________________________________

**№ 20. Эмне үчүн мышык кармашта жеңип чыкты?**
**Жообун жазгыла.**

____________________________________________